КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ПРОГРАММАСЫ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин 2012-жылдын
5-сентябрындагы № 2264-V токтому менен бекитилген

Киришүү

Бул программа Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 84-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн (мындан ары - Өкмөт) саясатын аныктоочу негизги документ катары иштелип чыкты.
Программанын негизин фундаменталдык жалпы адамзаттык доолоттор жана ошондой

эле Кыргызстандын элинин салттуу баалуулуктары дагы түзүшөт.

Өкмөттүн Программасы “Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесине ылайык келет жана учурдагы абалдын анализин камтыйт. Программа Өкмөт өзүнүн ишинде ишке ашыруучу максаттарды, милдеттерди жана негизги иштердин тизмесин аныктайт.

Программа ырааттуулуктун жана коомдун кызыкчылыктарын чагылдыруу принциптеринде иштелип чыккан. Программа Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттарынын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши 2012-жылдын 5-сентябрындагы пленардык жыйынында айтышкан сунуштарын жана пикирлерин эске алуу менен толуктап иштелип чыкты. Программада ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 12-апрелиндеги № 239 токтому менен бекитилген 2012-2014-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасы, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин көпчүлүк коалициясына кирген партиялардын шайлоо алдындагы программалары жана Кыргыз Республикасынын Президентинин шайлоо алдындагы программасы да эске алынды.

Программаны иштеп чыгууда экинчи коалициялык Өкмөттүн “Стабилдүүлүк жана бакубат жашоо” программасынын жакшы жактары жана ошондой эле катачылыктары да эске алынды. Башталган жакшы реформалардын баары улантылат жана өнүктүрүлөт.

Кыргыз Республикасына коомдун кызыкчылыктарына жооп берген өнүктүрүүчү максаттарга жетишүү жана элдин (коомдун) бакыбаттыгын арттыруу үчүн стабилдүү мамлекеттик башкаруу жана ырааттуу экономикалык саясат керек.

Өлкөнүн социалдык-экономикалык абалы, айрыкча бюджеттин абалы жана жылытуу сезонуна даярдык кризиске каршы чечкиндүү чараларды көрүүнү талап кылгандыктан бул пландоонун горизонтун 6 айга чейин кыскартуу зарылдыгын жаратууда. Бирок мында орто мөөнөттүк жана узак мөөнөттүк келечектерге багыт алыш керек. Ошондуктан Программа жыл сайын, аткаруу үчүн жооптуу органдар жана аткаруу мөөнөттөрү көрсөтүлүп, иш-чаралардын толугураак планы менен толукталып турат.

Өкмөттүн ишинде жашоо-турмушту камсыздоочу негизги системалардын туруктуулугун камсыздоого, ошондой эле Кыргыз Республикасынын туруктуу экономикалык өнүгүшүнө багытталган социалдык-экономикалык реформаларды андан ары ишке ашырууга өзгөчө көңүл бурулат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн негизги милдеттери төмөнкүлөр болмокчу:
- өлкөнүн экономикасын кризистен чыгаруу (оперативдик башкаруу мезгили);
- өлкөнүн экспорттук потенциалын өнүктүрүү жана стратегиялык реформаларды ишке ашыруу жолу менен экономикалык өсүштүн туруктуу темпине жетишүү;
- чет өлкөлүк дагы, жергиликтүү дагы инвестицияларды тартууга шарт түзүү үчүн ынгайлуу инвестициялык климат жана бизнес-чойро түзүү;
- мамлекеттин социалдык милдеттенмелери аткарылышын камсыздоо;
- улуттук коопсуздукту жана коомдук тартипти камсыздоо;

- коррупцияга каршы күрөшүү;
- мамлекеттик башкаруунун компакттуу жана натыйжалуу системасын түзүү.
Өкмөт бул милдеттердин аткарылышы үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат жана бардык саясый күчтөрдү жана коомдук уюмдарды бул Программаны колдоого чакырат.

1. Учурдагы абалга баа

2012-жылдын 8 айынын жыйынтыгы “Кумтор” кенинде өндүрүштүн кыскартылганына жана экономикалык саясаттын натыйжасыз жүргүзүлгөнүнө байланыштуу экономикалык өсүштүн орчундуу томондогонун көрсөттү. Уланып жаткан дүйнөлүк экономикалык кризис да терс таасирин тийгизүүдө.

Алсак, ИДПнын көлөмү өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда реалдуу көрсөткөндө 4,6 пайызга азаюу менен 171,5 млрд. сомду түздү. “Кумтор” кенин иштеткен ишканаларды кошпогондо ИДПнын көлөмү 2012-жылдын январь-августунда 162,2 млрд. сомду түздү жана 2011-жылдын январь-августуна салыштырганда 3,9 пайызга көбөйдү.

Экономиканын өсүш темпинин орчундуу азайышынын негизги фактору Доре күймасынын чыгарылышы (2,9 эсе) азайганы болду, анын натыйжасында өнөр жайлык өндүрүш 31,7 пайызга томондоду жана экспорттук операциялардын 20 пайыз азайышына алып келди.

Айыл чарбада жагымсыз тенденциялар болду. Дан өсүмдүктөрүнүн пландалган 348,6 мин га ордуна иш жүзүндө 324,9 мин га жерге себилди, же бул өткөн жылдын деңгээлине салыштырганда 48,1 мин га аз болду. Иш жүзүндөгү айдоо аянттарды эсепке алганда дан эгиндердин күтүлгөн дүн жыйымы баштапкы маалыматтар боюнча 593,6 мин тоннаны түзөт, же бул өткөн жылдагыдан 206,2 мин тоннага аз.

Натыйжада өзүбүздө өндүрүлүүчү аштык буудайдын дефицити баалоолор боюнча, орточо түшүм 18,3 ц/га болгондо 278,6 мин тоннаны түзөт. Иш жүзүндөгү керектоолордүн камсыздалышы 46,7 пайыздын деңгээлинде күтүлүүдө. Мындан тышкары, бардык облустарда дан эгиндерди жыйноодо артта калуу бар.

8 айдагы инфляция жогору болгон жок жана 2 пайыздын деңгээлинде болду, бирок кийинки айларда экономикада инфляциянын оорчулугу көбөйүп жатканы байкалууда. Августта негизги тамак-аш жана азык-түлүк эмес товарларга баалар кымбаттаганы байкалды, атап айтканда, жогорку сорттогу бир кг ундун баасы 12,0 пайызга жана биринчи сорттогу бир кг ундун баасы 14,0 пайызга кымбаттады; нан – 9,5 пайызга, А-80 жана А-93 бензиндин баасы 1,8 жана 2 пайызга кымбаттады.

Айыл чарбада болуп жаткан абал жана негизги товарларга баалардын кымбатташы

элдин негизги тамак-аш продуктуларды алышына терс таасир тийгизиши жана азык-түлүктүн тартыштыгына алып келиши мүмкүн.

Экономиканын дээрлик бардык секторлоруна чет олколук тике инвестициялардын келиши орчундуу азайды. Мисалы, ушул жылдын I жарымынын жыйынтыгы боюнча чет олколук тике инвестициялардын келүүсү өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда36 пайызга азайды. Инвестициялар боюнча абалга “Кумтор” кенинин жана башка алтын кендердин тегерегиндеги пикир келишпестиктердин узарышы жана ашыкча саясатташтырылышы да таасир этип, бул инвестициялык климаттын начарлашына алып келди жана инвесторлордун маанайына терс таасирин тийгизүүдө.

Экономикада болуп жаткан абал өлкөнүн бюджетине таасирин тийгизип, 2012-жылдын бюджетинин параметрлери кайрадан каралды. Такталган болжол боюнча бюджеттин кирешеси 81,6 млрд. сом, же ИДПга карата 26,7 пайыз болот, баштапкы болжолго караганда 1 млрд. сомго өсүш камсыздалат. Мында чыгымдар 7,7 млрд. сомго көбөйдү жана 104,7 млрд. сомду түздү же ИДПга карата 34,3 пайыз болду. Ошентип, бюджеттин тартыштыгы 23,1 млрд. сомду түздү же ИДПга карата 7,6 пайыз болду, баштапкы болжолдо тартыштык 5,1 пайыз болоору белгиленген эле.

Бюджеттин кирешө болүгү боюнча болжол аткарылбай калуу тобокели бар. Баштапкы маалыматтар боюнча бюджетке каражаттын кем түшүүсү 4,1 млрд. сомго жакын болот, анын ичинде эл аралык уюмдардан кем түшүү - 60 млн. АКШ долларына жакынды түзөт. Мында калктын социалдык жактан аялуу катмарларынын жашоо денгээли кескин томондоп кетиши болтурбоо үчүн бюджеттик тобокелдер социалдык чөйрөнү каржылоого такай көңүл бурууну талап кылат.

Финансылык чөйрөдө проблемалуу банктарды жонго салуу процесстери аяктабаганына, кардарлардын каражаттары жана күрөөгө коюлган мүлктөрү тондурулганына байланыштуу тобокелдер сакталууда. Мындай проблемалар банктардын жана микрофинансылык уюмдардын кредит берүү чөйрөсүндөгү кредиттик жогорку тобокелдер менен айкалышканда экономиканын өсүшүнө терс таасирин тийгизип жатат. Болуп жаткан ички жана тышкы тобокелдер ИДПнын өсүшүнүн жаныланган божомолун жасоого терс таасир тийгизүүдө.
Күзгү-кышкы мезгил өлкөнүн кышка даярдануусунда жана бүткүл отун-энергетикалык комплекстин ишин жакшыртууда чечилбей келаткан проблемаларды курчутууда.

Экономиканын тармактарын жана социалдык чөйрөнүн объекттерин алдыдагы кышка даярдоо графиктен артта калууда. Бишкек шаарынын ТЭЦи, эл жана бюджеттик уюмдар көмүр менен 27,2 пайыз, мазут менен – 47,5 пайызга камсыздалышкан. Электр энергетикасындагы ишканаларда өсүп жаткан дебитордук карыздары бар, керектөөчүлөрдөн акы жыйноо система боюнча орточо 94,4 пайызды түзөт. Мамлекеттик институттарда стабилдүүлүктүн жоктугу жана экономикалык саясатта удаалаштыктын жоктугу өлкөнүн өнүгүүсү үчүн олуттуу тоскоолдук болууда. Бул узак мөөнөттүк максаттарды аныктоого жана аларга жетишүү үчүн максат коздогон саясат жүргүзүүгө жолтоо болуп жатат. Бул ошондой эле бизнестин Өкмөткө болгон ишеничин азайтып, экономикалык өнүгүүнүн мамлекет колдоого алуучу приоритеттерин эске алуу

менен узак мооноттуу пландарды түзүүгө мүмкүндүк бербей жатат.

2. Өкмөттүн негизги максаттары жана милдеттери

Региондук жана дүйнөлүк саясат активдүү трансформацияланып, эл аралык экономикалык интеграциянын жаны объекттери пайда болууда. Белоруссиянын, Казакстандын жана Россиянын катышуусу менен Бажылык союз түзүлгөнүнө байланыштуу республиканын башка олколордон товарларды транзит менен откорүүдон киреше алууга болгон мүмкүндүгү орчундуу азаят.

Азыркы учурда Кыргызстандын экономикасы экономикалык онүгүүнүн жалпы коом менен кабыл алынган жаны концепциясына муктаж болуп турат. Учурдагы кырдаал колдо болгон конкуренциялык артыкчылыктарыбызга негизделген, экспортко багытталган ургаалдуу онүгүү моделин тандап алууну милдеттендирип жатат. Келечекте экспортту тез убакыттын ичинде кобойтүүгө, атаандаштыкка жарактуу продукцияны өндүрүүгө жана кызматтарды көрсөтүүгө багытталган өндүрүшкө багыт алуу зарыл.

Мында экономикада транзиттик функцияларды сактоо мүмкүндүгү колдоого алынат. Өкмөт мамлекеттик башкаруу системасын чыңдоо жана экономиканын айрым чойролорүн стабилдештирүү, инвесторлордун биздин олкого болгон ишенимин калыбына келтирүү боюнча биринчи кезектеги маселелерди чечүүгө күч-аракетти топтоосу зарыл. Көрүлгөн чаралар олконүн экономикасынын артыкчылыктуу багыттарына топтоштурулуп, анын экспорттук потенциалын жогорулатууга жана ушунун эсебинен элдин иш менен камсыздыгын арттырууга, жарандардын жашоо денгээлин жогорулатууга тийиш.

Өкмөттүн Программасы учурдагы айрыкча курч проблемаларды чечүүгө, экономикалык реформаларды жүргүзүү үчүн туруктуу платформа түзүүгө, экономикалык иштин Кыргызстан үчүн айрыкча приоритеттүү чойролорүндөгү стратегиялык демилгелерди ишке ашырууга багытталган.
Өкмөттүн негизги максаты – экспортко багытталган жана импортту алмаштыруучу өндүрүштөрдү түзүү жана ургаалдуу онүктүрүү аркылуу экономикалык өсүштүн туруктуулугун камсыздоо, бул элдин иш менен камсыздыгын көбөйтөт жана жашоо

денгээлин жогорулатат.

2.1. Оперативдик башкаруу мезгили (2012-жылдын сентябры – 2013-жылдын марты)

Өкмөттүн оперативдик башкаруу мезгилиндеги (2012-жылдын сентябры – 2013-жылдын марты) максаты томонкүдой негизги маселелерди чечүү жолу менен экономиканы жакшыртууну жана аны кризистен чыгарууну, элдин жашоо денгээлин жогорулатууну көздөйт, ал маселелер:
- 2012-2013-жылдын күз-кыш мезгилинен авариясыз штаттык режимде чыгуу;
- түшүмдү өз убагында жыйноо жана күзгү талаа жумуштарын жүргүзүүгө даярдануу;
- зарыл мамлекеттик резервдерди түзүү жана негизги тамак-аш товарларга бааларды стабилдештирүү аркылуу азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо;
- онор жайдагы абалды жакшыртуу;
- мамлекеттик чыгымдарды оптималдаштыруу, бюджеттик тартипти чындоо, социалдык милдеттенмелерди аткаруу жана бюджеттик процесстин ачык-айкындыгын камсыздоо;
- ишкерлер менен туруктуу байланышты түзүү, аларда болгон проблемаларга тез чара көрүү.

2.1.1. Күз-кыш мезгилге даярдануу

Өкмөт бүткүл отун-энергетикалык комплексти башкарууну орчундуу жакшыртат. Ишканалардын жетекчилери жылытуу мезгилине даярдык жана андан чыгуу үчүн жеке жоопкер болушат. Ошону менен эле бир убакта электр, жылуулук жана газ менен үзгүлтүккүзүз камсыздоо, коромжулуктарды жана аварияларды азайтуу, ишканалардын сапаттык көрсөткүчтөрүн жакшыртуу үчүн стимулдар киргизилет. Өкмөттүн иш-аракети көмүрдүн, мазуттун керектүү олчомдогу запастарын топтоого, ондоо-калыбына келтирүү

жумуштарын оз убагында бүтүрүүгө топтоштурулат. Окмот керектүү финансылык каражатты камсыздайт жана социалдык объекттердин күз-кыш мезгилге карата даярдыгына текшерүү жүргүзот.

Күз-кыш мезгилге даярдык бир топ терс факторлорго байланыштуу татаалдап жатат. Токтогул каскадындагы ГЭСтердин, Бишкек жана Ош шаарларынын ТЭЦтеринин негизги жабдууларында ондоо жумуштарын жүргүзүүнүн, жалпы республика боюнча отун камдоонун графигинде орчундуу артта калуу бар. 2012-жылдын 1-августуна карата жалпысынан 237,1 мин тонна көмүр камсыздалды, бул белгиленген тапшырманын 38,7 пайызын түзот. Ошондой эле Бишкек шаарынын ТЭЦи үчүн отун алып келүүдө проблемалар бар; ондоо жумуштарын жүргүзүү графигиндеги артта калуулар жана ал жумуштар жетиштүү каржыланбай жатканы байкалат.
Жылытуу мезгилине ийгиликтүү даярдануу үчүн төмөнкүдөй иштер аткарылат:
- табигый газды керектүү көлөмдө үзгүлтүксүз алууну камсыздоо;
- отун сатып алуу, ошондой эле керектелген электр, жылуулук энергиялары, табигый газ, көмүр жана мазут үчүн карызды жоюу үчүн бюджеттик уюмдарды оз убагында каржылоо;
- отун камдоо графигинин сакталышын катуу контролдоо;
- Токтогул суу сактагычында суунун деңгээлин коопсуз деңгээлде кармап туруу боюнча чара көрүү;
- электр станцияларындагы жана подстанциялардагы электр жабдууларынын капиталдык жана учурдагы ремонтун аяктоо;
- буу казан жабдууларын ремонттоо жана күзгү-кышкы мезгилден өтүү убагында “Кыргызтураккоммунсоюз” мамлекеттик ишкана технологиялык обьекттерин электр менен үзгүлтүксүз жабдуу;
- бюджеттик уюмдар, шаарлардын мэриялары жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар менен түзүлгөн келишимге ылайык талаптагыдай сапаттагы жергиликтүү көмүрдү оз убагында финансылоо жана берүү;
- калкка сатылган көмүрдүн баасынын өсүшүнө жол бербоо боюнча чара көрүү;
- калкты, социалдык обьекттерди отун менен камсыз кылуу жана жарандардын жеңилдиктүү категорияларына каражатты оз убагында болуп берүү.

2.2.2 Түшүмдү оруп жыйноону аяктоо жана күзгү жана жазгы талаа иштерине даярдануу

Окмот түшүмдү оруп жыюуну оз убагында аяктоо, күзгү себүүнү уюшкандыкта откорүү жана 2013-жылдын күзгү жана жазгы талаа жумуштарына даярдык көрүү, ККМ, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөнүн жана жер семирткичтердин зарыл болгон запастарын түзүү маселелерин чечет. Өткөн кыштын сабактарын эске алуу менен мал чарбасы үчүн тоюттун жетишсиздиги кырдаалын алдын алуу боюнча чаралардын комплексин кабыл

алуу зарыл.
2012-жылдагы кызгы-талаа жумуштарын жана 2013-жылдагы жазгы-талаа жумуштарын ийгиликтүү жүргүзүү үчүн томонкудой иш-чаралар көрүлөт:
- үрөн материалынын, жер семирткичтердин жана күйүүчү-майлоочу материалдардын зарыл запасын камсыз кылуу;
- азот жер семирткичтери заводун куруу үчүн инвесторлорду тартуу;
- финансылоонун зарыл болгон көлөмүн бөлүп берүү менен мамлекеттик суу чарба обьекттеринде жана ирригация системасында ремонттук-калыбына келтирүү жумуштарын оз убагында көрүү;
- финансылоонун зарыл болгон көлөмүн бөлүп берүү менен айылдык товар өндүрүүчүлөрдүн машина-трактор паркын даярдоо жана оз убагында ремонттоо;
- айылдык товар өндүрүүчүлөрдүн, тамак-аш жана кайра иштетүүчү онор жай ишканаларын женилдиктүү кредиттоонун натыйжалуу механизмин иштеп чыгуу;
- аралаш тоют өндүрүшү боюнча заводдордун өндүрүштүк кубаттуулуктарын калыбына келтирүү жолу менен аралаш тоюттар өндүрүшүн уюштуруу;
- 2012-2013-жылдар кыш мезгилинен өтүүчү тоюттун жетиштүү көлөмүн даярдоо боюнча зарыл болгон уюштуруу чараларын жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдары менен бирге жүргүзүү.
Өкмөт жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдарынын башчылары да айылдык товар өндүрүүчүлөрго зарыл болгон колдоо көрсөтүү тийиш экендигин белгилейт.

2.2.3 Азык-түлүк коопсуздугун жана бааларды стабилдештирүүнү камсыз кылуу

Өкмөт ички азык-түлүк рыногун толтуруу боюнча чара көрөт, эки тараптуу келишимдерге ылайык олко ала турган 200 мин тонна казак эгинин жана 100 мин тонна орус эгинин алууга жана пайдаланууга контролдукту камсыз кылат.
Азык-түлүк товарларына баанын өсүшүн тизгиндоо жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу үчүн мамлекеттик резервди зарыл запастар менен камсыз кылуу боюнча чара көрүлөт.

Бааларды чайкоочулук менен жогорулатууга жол бербоо боюнча уюштуруу жана жонго салуучу, ошондой эле ички рынокту азык-түлүк продукциясы менен толтуруу чаралар жагдайга жараша көрүлөт, атап айтканда:
- азык-түлүк кризисине жол бербоо маселелерин чечүү үчүн, ошондой эле өзгөчө кырдаалдар пайда болгон учурда мал жана канаттуулар үчүн тоюттардын запасын түзүү үчүн зарыл болгон мамлекеттик материалдык резервдин запастарынын денгээлин аныктоо;
- мамлекеттик материалдык резервге коюу үчүн аштык буудайды сатып алууну уюштуруу;
- негизги тамак-аш азыктарынын тизмесине киргизилген азык-түлүк тобунун товарларына колдонулуучу бажы алымдарына анализ жүргүзүү жана зарыл болгон учурда аны кайра караштыруу боюнча сунуштарды даярдоо;
- азык-түлүк рыногунда чарба субьекттеринен чайкоочулук аракеттерин оз убагында

айкындоо жана четтетvv;
- айыл чарба продукциясын сатуу боюнча жарманкелерди уюштуруу жана откорvv;
- фирмалык соода тvйvндорvн ачууда кайра иштетvvvv ишканаларга комок корсотvv;
- буудай жана ун экспортуна чектоо же тыюу салуу сыяктуу коргоо чараларын жvргvзvv.

2.2.4 Өнөр жайындагы кырдаалды стабилдештирvv

Онор жайында чечvv vvvн атайын чаралар корvvнv талап кылган проблемалар сакталып калууда. Чийки зат жана материалдык ресурстардын импортуна кvчтvv коз карандылык орун алды. Квалификациялуу адистердин жетишсиздиги белгиленvvдо. Озvбvздvн жvгvртvv каражаттарыбыздын жетишсиздиги, жогорку пайыздык ставкалардан улам коммерциялык кредиттер алуунун чектелvvcv негизги фонддорду жаныртууга, жаны технологияларды оздоштvрvvго тоскоолдук келтирvvдо. Бул баасы жана сапаты боюнча коптогон ата-мекендик товарлардын атаандаштыкка жараксыздыгына алып келvvдо.

Негизги фонддорду жанылоо процессин стимулдаштырууга лизинг операциялары боюнча бервvлордv кошумча нарк салыгынан жана сатык салыгынан бошотуу комок берет.
Бажы союзунун ченемдерин жана талаптарын киргизvvго байланышкан соода шарттарын озгортvv Бажы союзуна катышуучу мамлекеттердин техникалык регламенттерин Кыргызстандын аймагында колдонуу максатында стандартташтыруу боюнча эл аралык келишимдерди тvзvvдо эске алынат. Сынак лабораторияларын модернизациялоо боюнча иш жvргvзvлот.

2.2.5 Бюджеттин туруктуулугу жана социалдык милдеттенмелерди аткаруу

Окмот мамлекеттик чыгымдарды кыскартуу боюнча кошумча чара корот. Административдик жана коомдук имараттарды курууга жана ремонттоого, кызматтык автотранспортту сатып алууга чыгымдар кыскартылат.
Чыгашалуу мамлекеттик ишканаларды, бирикмелерди жана фонддорду жоюу боюнча, жаны ишканаларды түзүүдө мамлекеттин катышуусун түздөт-түз финансылоого каражаттарды болүүнү токтотуу боюнча иш жүргүзүлөт. Каражаттарды үнөмдөө максатында дипломатиялык окулчулуктардын функцияларын жана кызматкерлеринин санын оптималдаштырууну жүргүзүү зарыл.

Мамлекеттик финансы системасында каражаттарды майнапсыз болуштурүүнү, коррупциялык схемаларды, ар кандай кыянатчылыктарды жок кылууга багытталган чечкиндүү реформалар жүргүзүлөт. Мамлекеттик финансылоо системасын реалдуу экономикалык долбоорлорду жана программаларды жүргүзүүгө багытталат. Реформалар борбор менен региондордун ортосунда финансы ресурстарын болуштурүүгө да тийиштүү болуп, жарандардын турмуш сапатын жакшыртуу максатында региондордун өз алдынчалыгын күчөтүүгө багытталууга тийиш.

Корүлгөн чаралар Өкмөткө мамлекеттин социалдык милдеттенмелерин аткарууга мүмкүндүк берет, бюджеттик каражаттар биринчи кезекте даректүү колдоо көрсөтүүнү жана социалдык төлөөлөрдүн жатып ичерликти колдоо формасына айланышына жол бербөөнү камсыз кылып, корголгон беренелерди финансылоого болбөт.

Төмөнкү чараларды ишке ашыруу зарыл:
- коррупциялык схемаларды жана уурдап жок кылууларды түп тамырынан бери жоюу, башкарууну жакшыртуу жолу менен салыктын жана бажы төломдөрүн жыйноону көбөйтүү;
- бюджеттин кирешелерин көбөйтүү боюнча кошумча мүмкүнчүлүктөрдү аныктоо максатында мамлекеттин бардык болгон финансылык активдерин инвентарлаштырууну жана баалоону аяктоо;
- салыктык жана бажы органдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу, ишкердик иш кирешеси жогору чойролөрүнө (алкоголдук, тамеки, энергетика тармагы, ККМ жүгүртүү) контролдукту катаалдаштыруу;
- бюджеттин дефицитин кыскартуу үчүн 2012-жылдын калган айларында бюджеттик каражаттарды катуу үнөмдөө режимин киргизүү. Бюджеттин ресурстук мүмкүнчүлүктөрүн биротоло аныктаганга чейин бюджеттен финансылоо бюджеттин корголгон беренелери жана коммуналдык чыгымдар (чектоолөрү менен) боюнча гана ишке ашырылат. Калган бардык чыгымдар алардын озгочолүгү белгиленгенде гана ишке ашырылат.

2.1.6. Бизнес менен өз ара аракеттенүү

Окмот жана аткаруу органдарынын жетекчилери ишкерлерге негизсиз дооматтар жана кысымдар корсотулгон учурда оперативдуу жана жигердуу конул бурууга тийиш. Жергиликтуу жетекчилердин ишкердик климатты жакшыртууда солгундугунун дал озу борбордук биликтин бардык куч-аракеттерин жокко чыгарат, ал эми кээ бир учурларда кабыл алынган мыйзам актыларын бузууларга алып келет. Жергиликтуу жетекчилердин компетенттуулугунун денгээли региондогу орун алган ишкердик климаттын денгээли боюнча бааланат.

Окмот эл аралык рейтингдерде олконун позицияларын жакшыртуу боюнча чараларды иштеп чыгууда жана ишке ашырууда бизнес-коомчулук менен бирге активдуу иш жургузот. Биринчи кезекте негизсиз текшерүү фактылары токтотулат, энергия тармактарына кошулуу жол-жоболору, курулушка уруксат алуу, комуско бизнестин коломун кыскартуу боюнча чаралар корулот.

2.3 Стратегиялык багыттарды улантуу

Окмот тарабынан экономикалык да администрациялык чойролордо да реформаларды откорүүнүн мурастуулугун жана ырааттуулугун камсыз кылуу боюнча бардык зарыл чаралар корулот. Кыргыз Республикасын региондук экономикалык союздарга интеграциялоо, олконун энергетикалык коопсуздугун жогорулатуу жана транспорттук инфраструктураны онүктүрүү сыяктуу бардык башталган стратегиялык долбоорлор улантылат.

Ошол эле учурда окмот тарабынан мурдагы окмоттордун иштеринин алынган тажрыйбасы жана ондуу жыйынтыктары эске алынат, бирок Кыргызстандын экономикасындагы жана дүйнолүк экономикадагы учурдагы кырдаалдын жаны

талаптары да эске алынат.

2.2.2. Тармактык артыкчылыктарды ишке ашыруу

2.2.2.1. Энергетика

Энергетика – олконун экономикасынын алдынкы тармагы. Бүгүнкү күндо тармакта бир катар проблемалар бар.
Материалдык-техникалык жана ондүрүштүк базаны жаныртууну жетишсиз финансылоо жабдуулардын жогорку физикалык жана моралдык эскиришине алып келди, бул энергия системасынын туруктуу иштоосу, экономиканын башка тармактарын стабилдүү энергия менен жабдуу үчүн жол берилгис жогорку тобокелдиктерди түзот.

Керектоочулор үчүн электр энергиясын туруктуу берүү аны олконун түндүк региондорунда берүүдогу, кышкы сезондогу эн жогорку күч келтирүүнү жабуудагы азырынча чечилбеген проблема менен да
Башкаруунун сапаты коммерциялык жана техникалык жоготуулардын чечкиндүү томондотүү милдетин чечүүгө мүмкүндүк бербейт, ал эми дебитордук карыздын олчомдорү ото жогору бойдон калууда.

Ресурстарды үномдоо саясаты катары энергия үномдоо жетишсиз сакталып, товар бирдигин ондүрүү чыгымдары ченемсиз чон бойдон калууда.
Энергетика саясатын саясий факторлордун таасиринде калып, бул экономикалык жактан негизделген чечимдерди кабыл алууну татаалдаштырууда.
Кыргызстан эн ири гидроэнергетикалык ресурстарга ээ, алар жетишсиз пайдаланылууда.
Энергетиканы онүктүрүү үчүн томонкү чаралар ишке ашырылат:
- жаны гидроэлектрстанцияларын куруу жана иштеп жаткандарын реконструкциялоо жолу менен кубаттуулуктарды арттырууну кобойтүү, электр энергиясы менен олконү туруктуу камсыздоо жана экспорттоо үчүн электр берүү линияларын онүктүрүү, электр энергиясын чыгаруучу компанияларда жекече инвестицияларды стимулдаштыруу;
- энергия компанияларында корпоративдүү башкаруу принциптерин онүктүрүү жана электр энергиясын болүштүрүү системасындагы ортомчу түзүмдордүн ишин токтотуу;

- энергия компанияларынын ортосунда оз ара энергия берүүлөрдүн жана оз ара эсептешүүлөрдүн эсебин алуу функциялары менен коз карандысыз эсептешүү борборлорун түзүү;
- экономикалык стимулдарды түзүү жолу менен энергия ресурстарын (электр энергиясын, газ отунун, комүрдүн ж.б.) керектоонун кыйла тен салмактуу денгээлине жетишүү;
- энергетикалык коопсуздукту камсыз кылуу жана керектоочулөрдү стабилдүү, ишенимдүү электр менен жабдуу үчүн энергия секторундагы ири узак мооноттуу инвестициялардын зарыл болгон денгээлин камсыз кылуу жана энергия компанияларынын чыгымдарын толуктоону караштырган электр энергиясына орто моонотүү тарифтик саясатты иштеп чыгуу жана бекитүү.

Экспорттук мүмкүнчүлүктү онүктүрүү жана инновациялык технологияларды тартуу энергетикадагы саясаттын эн маанилүү компоненти болуп калат:
- региондор аралык энергетикалык долбоорлорго, эн оболу Түштүк Азиядагы, коншу олколордогу долбоорлорго активдүү катышуу, тиешелүү материалдык-техникалык базаны жана укуктук негизди түзүү.

2.2.2.2. Айыл чарбасы жана кайра иштетүү өнөр жайы

Айыл чарбасы – бул экономиканын түзүмүн калыптандыруучу тармак, олконун калкынын чон болугунун жыргалчылыгы жана турмуш шарттары ага коз каранды.

Бүгүнкү күндо айыл чарбасы, финансы ресурстары, машиналар жана жабдуулар, осүмдүктөрдү жана жаныбарларды коргоо боюнча тейлоолор, жердин түшүмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар, үрончүлүк жана асыл тукум чарбаларынын продукциялары, ирригация, озгочо вегетативдүү мезгилдеги ирригация менен жетишсиз камсыздалган.
Чыгарылган продукцияны сатып откорүү татаал проблема болуп саналат. Фермерлер урунттуу финансылык жоготууларга дуушар болууда, бул чарбаларды жетиштүү финансылык ресурстардан жана экономикалык жүйоо себептерден ажыратууда.
Айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн жана аны кайра иштетүүнүн байланышынын начардыгы кошумча нарктын томонкү денгээлин шарттайт, бул айыл чарба өндүрүшүнүн киреше болугундо чагылдырылат.
Фермерлердин жерлеринин чакандыгы, жер участокторун бириктирүүнүн денгээлинин томөндүгү менен шартталган өндүрүштүн майда товардуулугу жогору бойдон калууда.
Айыл чарбасын жана кайра иштетүүнү онүктүрүү үчүн томонкү чаралар ишке ашырылат:
- айылдык товар өндүрүүчүлөрдүн мүмкүнчүлүгүн онүктүрүү, МЖИ өндүрүш принциптеринде кооперативдерди, кайра иштетүүчү ишканаларды, машина-трактордук компанияларын түзүү;
- финансы-кредиттик инфраструктураны, лизингди онүктүрүү аркылуу финансы

ресурстарын жана айыл чарба жабдууларын алууну кенейтүү;
- атайын чарбалар үчүн зарыл ресурстарды (жерди, финансы ресурстарын ж.б.) болуу аркылуу үрөнчүлүктү жана асыл тукум мал чарбачылыгын арзан жана сапаттуу товарлар, тейлоолор менен камсыздоо, азыркы илимдин жетишкендиктерин пайдаланууну кенейтүү;
- суу чарба мелиорациялык курулмаларды куруу жана реконструкциялоо аркылуу суу ресурстарын жетиштүү алууну камсыздоо, жердин түшүмдүүлүгүн жогорулатуу жана аларды майнаптуу пайдаланууга комок корсотүү, минералдык жер семирткичтер ж.б. менен камсыз кылууда колдоо корсотүү;
- айылдык товар өндүрүүчүлөрдүн терен өндүрүштүк байланыштары менен кошумча нарк түйүндөрүн түзүүнү колдоо аркылуу айыл чарба кластерлерин, тышкы рынокко чыгуу менен кайра иштетүүчү онор жайын жана дүн, чекене сооданы онүктүрүү;
- экологиялык таза продукцияны өндүрүшүн жана экспортун онүктүрүү.

2.2.1.5. Женил жана иштетүүчү өнөр жайы

Мурда женил онор жайы республиканын экономикасынын эн онүккон тармагы эле, Кыргыз Республикасынын мурдагыдай эле бир катар женил онор жай тармактарын жергиликтүү жана алып келинген чийки заттарды, колдо болгон өндүрүштүк инфраструктураны жана кесипкой жумушчу күчтөрүн пайдалануу менен пайдалануу менен онүктүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.
Экспортко багытталган тигүү, галантерея, текстиль, чыт кездеме, жүн жана булгаары-бут кийим онор жайын онүктүрүү үчүн, ошондой эле эмерек онор жайы үчүн шарт бар.
Женил онор жай тармактарын онүктүрүү үчүн томонкүдой чаралар ишке ашырылат:
- экспорттук продукция өндүрүүгө багытталган аймактык индустриялык парктарды түзүү;
- тармакка тышкы жана ички инвестициялардын келүүсүн стимулдаштыруу;
- женил онор жай тармактарында легалдуу жана комүско бизнестин тендиктүү эмес атаандаштыгына богот коюу, иштеп жаткан өндүрүштөрдү комүскодон чыгаруу боюнча чара көрүү, анын ичинде жонокойлотүлгон салык салуу режимин киргизүү, ошондой эле башкарууну жакшыртуу боюнча чара көрүү.
-

2.2.1.6. Туризм

Кыргызстан ото майнапсыз пайдаланылган рекреациялык чон ресурстарга ээ. Туризмдин онугушунун отулгон жолу экология үчүн коркунуч туудурган жана коом үчүн пайда келбеген кустарлык туризм катары мүнөздоого болот. Азыркы турган турушунда аны андан ары онүктүрүү мүмкүн эмес.
Туризмди онүктүрүү үчүн томонкудой чаралар ишке ашырылат:
- олконун рекреациялык ресурстарына инвентаризация жүргүзүү, ресурстар тармагы үчүн башкыларды жана ири инвесторлорду тартууга аймактарды аныктоо;
- туристтик мезгилдин жыл бою иштеши үчүн шарттарды түзүү, конкреттүү максаттуу базарларга багытталган кенири катардагы туристтик продуктуларды ондүрүү;
- Кыргызстандын рекреациялык ресурстарын оздоштүрүүго ири чет олколук инвестицияларды, белгилүү туристтик бренддерди тартуу боюнча программаларды ишке ашыруу;
- жаратылышты пайдалануу саясатын курчап турган чойрону коргоо, озгочо рекреациялык ресурстарды пайдаланууда талаптарды катуулатуу багытына озгортүү.

2.2.1.5. Кен казып алуу тармагы

Пайдалуу кендерди оздоштүрүүдон түшкон кирешелер – бул мамлекеттин экономикасын модернизациялоодо ири булак болуп эсептелет.
Мурда түзүлгон айрым келишимдер Кыргызстан үчүн пайдасыз болуп чыкты, ондүрүш ишин ишке ашыруу процессинде ишкана тарабынан курчап турган чойрого зыян келтирилген учурлар да бар.
Олко ири кен чыккан жерлерди толук масштабдуу иштетүүнү баштай албайт: жер казынасын пайдалануу жол-жобосун тариздоо коп сандагы талаптарды аткаруу зарылдыгы, экспертизаларды жүргүзүү жана коп сандаган макулдуктарды алуу менен шартталган.

Мамлекеттин позициясынын так эместиги жана инвесторлор тарабынан оз милдеттеринин аткарылбагандыгы пайдалуу кендер чыккан жерлерди оздоштүрүү процессин узак моонотко токтоткон коптогон соттук териштирүүлорго алып келди.

Кен казууну онүктүрүү үчүн томонкү чаралар ишке ашырылат:
- дүйнөлүк стандарттарга шайкеш келген катуу экологиялык мыйзамдарды иштеп чыгуу жана кабыл алуу;
- лицензия берүү жол-жоболорунун толук ачык-айкындыгын камсыз кылуу;
- мурда берилген лицензияларга инвентаризация жана лицензияланган макулдашуулардын аткарылышын мониторинг жүргүзүү боюнча масштабдуу иштерди жүргүзүү;
- калк жана жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдары менен конкреттүү районду же калктуу конушту онүктүрүү үчүн кен казып алуу тармагына инвестициялардын маанилүүлүгү жонүндо түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
- иштеп жаткан кен чыккан жерлерди оздоштүрүү темпин күчөтүү жана тармактык ведомствонун жана ишканалардын жетекчилеринин биргеликтеги иши аркылуу жаны кен чыккан жерлерди даярдоо, жеке инвестицияларга түрткү берүү, жергиликтүү коомчулук менен пайда болгон койгойдү жонго салууда жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдары тарабынан реалдуу жардам корсотүү;
- маанилүү жана моонотту инвестицияларды талап кылуучу ири кен чыккан жерлерди инвесторлордун алуу шарттарын кайра карап чыгуу, айрым учурларда инвесторлор үчүн коркунучтарды томондотүү жана инвестицияларды коргоо боюнча кошумча чараларды кароо зарыл;
- мамлекеттик башкаруу органдары экологиялык талаптардын сакталышын контроль жүргүзүүнү, кен казып алуучу ишканалардын жетекчилеринин жоопкерчиликтерин жогорулатууга, экологиялык мыйзамдардын сакталышын үзгүлтүксүз текшерүүнү жана алардын жыйынтыгы боюнча коомчулукту маалымдоону ишке ашыруулары керек;
- мамлекеттик башкаруу органдары жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдары жана кен казып алуучу ишканалардын жетекчилери менен биргеликте ишкананын ишинин айланасындагы келише албастык кырдаалдардын пайда болушуна жол бербоо боюнча системалык иштерди жүргүзүлүү, жергиликтүү калктын социалдык жашоо шарттын жакшыртуу боюнча иштер жонүндо дайыма отчет бериши керек.
- мамлекеттик башкаруу органдары инвесторлор менен оз ара аракеттенүүдө тармакты жонго салууну жакшыртуу жана мыйзамдарда так жазылбаган талаш-тартыш маселелерди чечүү үчүн колдонуудагы ченемдик укуктук базага талдоо жүргүзүшөт.

2.2.1.6. Транспорттук-коммуникациялык долбоорлор

Транспорттук тармак – бул олконvн экономикасында негизги тармак.
Коп жолдор, озгочо ички жолдор кыйраган, айрым тоолуу райондордо кышкысын туруктуу транспорттук каттамдар жок. Бул биринчи зарылдыктагы товарларды жеткирvvдо жана жарандардын тиричилигин камсыз кылууда курч проблемаларды жаратат.

Тармак начар материалдык-техникалык камсыздоодон, каржылоонун жетишердик эместигинен, адистештирилген техниканын жана кадрлардын жетишсиздигинен улам проблемаларды башынан откорvп келет.
Кыргызстан шоссе жолдору эле эмес, темир жолдордун жана авиациялык каттам эл аралык транзиттик-транспорттук отмокторго кошулууга ото муктаж. Олко азырынча озvнvн пайдалуу географиялык абалын эл аралык маанидеги ири авиа тvйvнго айлантуу vчvн пайдаланган жок. Транспортту онvктvрvv башка олколор менен кобvроок экономикалык алакалашууга, товарлардын экспорттоонун осvшvно, инвестициялардын келvvсvно, туризмди онvктvрvvго, пайдалуу кендерди оздоштvрvvго комок корсотот.
Транспортту онvктvрvv vчvн томонкv чаралар ишке ашырылат:
- терминал, склад жана ондvрvш комплекстер тvрvндо коштоочу инфраструктураларды онvктvрvv менен Евразиялык континенттин батышын жана чыгышын бириктирvvчv темир жол магистралдарын куруу;
- жарандык авиация тармагында мvмкvнчvлvктордv кенейтvv жана аба байланышы борборлорунун эл аралык жана региондук тvйvндорvн онvктvрvv максатында аэропорттордун инфраструктураларын куруу;
- маалыматтык технология тармагында “хаба” борбордук - азия курулушуна инвестицияларды тартуу;
- ири транспорттук долбоорлорго инвестицияларды тартуу боюнча эл аралык уюмдар, оноктош олколор менен cvйлошvvлордv жvргvзvv, транспорттук инфраструктураны онvктvрvv;
- ремонтто жана региондордо транспорттук тармактарды жаныртуу, тармактарды керектvv техника менен камсыздоо боюнча иштерди улантуу vчvн каражаттарды, анын ичинде кредиттик каражаттарды болvv.
Озгочо конvл курулуп башталган (“Датка”, “Датка-Кемин”) жана ошондой эле келечектеги (“Кытай - Кыргызстан - Озбекстан” т/ж, (CASA - 1000”, “Балыкчы – Кочкор - Кара-Кече - Арпа” т/ж, “Ысык-Кол” жана “Ош”) инфраструктуралык долбоорлордун ишке ашырылышынын илгерилоосvно жана курулуштун бvткорvлvшvно бурулат.

2.2.1.7. Тышкы соода

Олконун тышкы соода саясаты Дүйнолук Соода Уюмунун нормаларына жана принциптерине, ошондой эле КМШ, ЕврАзЭС олколору менен эки тараптуу жана коп тараптуу макулдашууларга, соода жана ага байланыштуу маселелер боюнча эл аралык конвенцияларга негизделет.
2010-жылы Бажы союзун түзүү жана анын иштеши БСга мүчө мамлекеттер тарабынан Кыргыз Республикасына карата бажы чек араларын бекемдоого алып келди. Натыйжасында республиканын дүн базарларында соода активдүүлүгү томондоду. Азыркы учурда кыргызстандык товарлардын БСга мүчө мамлекеттерге экспорттоонун кыскарып кетүү коркунучу бар. Республиканын инфраструктурасынын (сыноо лабораториялардын жабдылышы) системасын онүктүрүү, продукциянын коопсуздугун жана сапатын камсыздоо планында чон артта калгандык байкалууда.

Өкмөт республиканын БСга кирүү шарттарын макулдашуу процессинде олкодо өндүрүлүүчү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн ынгайлуу экспорттоо шарттарын кабыл алууга жетүү үчүн бардык чараларды көрөт.
Экспортту илгерилетүү улуттук стратегиясы жана институттук инфраструктура жок. Экспортту илгерилетүүгө комок көрсөтүү үчүн төмөнкү чаралар ишке ашырылат:
- экспортту өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу жана кабыл алуу;
- экспортту илгерилетүү боюнча ыйгарым укуктуу органды түзүү;
- экспорттоо үчүн арналган Кыргыз Республикасынын продукциясы үчүн мыйзамдуу денгээлде талап кылынуучу официалдуу сертификат берүү (жана башка жол-жоболор) талаптарын, эгерде бул импорттоочу олконун мыйзамдарында каралбаса жокко чыгаруу;
- ишкерлерден импортту жана экспортту ишке ашыруу үчүн талап кылынуучу документтердин санын кыскартуу;
- тышкы соода чөйрөсүндө техникалык тоскоолдуктарды азайтуу жана “бирдиктүү терезе” принцибин ишке киргизүү боюнча иштер улантылат.

2.2.1.8. Региондорду, чек арага жакын райондорду өнүктүрүү

Региондордун социалдык-экономикалык жактан онугуучулугу, калктын кирешелеринде жана жакырчылык денгээлинде олутту регионалдык айырмачылык сакталууда. Орточо айлык эмгек акынын тиричилик минимумуна орточо катышы Бишкек шаарында (2,36) жана Ысык-Көл облусунда (2,03) эн жогорку мааниге жеткен. Ош облусунда (0,99) бул көрсөткүчтөр эн аз мааниде.

Региондордун онугушундогу айырмачылыктар артта калган региондордун эмгекке жарамдуу калкынын ийгиликтүү региондорго көчүп кетүүсүнө алып келүүдө. Жалал-Абад, Ысык-Көл жана Нарын облустарында эмгек ресурстарына болгон муктаждык Бишкек шаарына жана Чүй облусуна караганда 5-10 эсеге томон. Бүгүнкү күндө Бишкек шаары жана Чүй облусу олконун региондорунан мигранттары коп келген зона болуп калды, негизинен Баткен облусунан – 25,7 пайыз, Нарын облусунан – 19,1 пайыз, Ош жана Жалал-Абад облустарынан тийиштүүлүгүнө жараша 15,6 пайыз жана 15,0 пайыз болгон.

Региондордон калктын көчүп кетүүсүнүн натыйжасы жашаган жеринде квалификациялуу эмгек ресурстарынын жетишсиздиги жана жашоо үчүн региондун озүнө тартуусунун томондошу болууда, бул мамлекеттик башкаруунун бардык денгээлдеринде кечиктирбестен таасир этүүнү талап кылуучу коркунучтуу “сигнал” болуп саналат.
Айтылган проблемаларды чечүү үчүн Өкмөттүн күч-аракети экономикада сапаттуу озгөрүүлөр жана административдик-аймактык реформа аркылуу региондордун социалдык онугуучу үчүн шарттарды түзүүгө, мамлекеттик башкарууну жана жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдарын реформалоого багытталат.
2012-жылдын аягына чейин региондорду комплекстүү онүктүрүү үчүн жаны Региондорду онүктүрүү концепциясы иштелип чыгат, анын ишке ашырылуусу 2015-жылга Кыргыз Республикасына региондук экономиканын көрсөткүчтөрүнүн жай бирок стабилдүү өсүшү жана республиканын региондорундагы калктын жашоо шарттын которүү үчүн шарттар түзүлгөн олко болууга мүмкүндүк берет.

2.3. Ынгайлуу инвестициялык климат жана бизнес-чөйрө түзүү

Нормалдуу иш климатын камсыз кылуу, менчикке укукту коргоо жана кепилдик берүү боюнча шарттарды түзүү жана түз инвестицияларды тартуу – мунун бары экономиканын алгылыктуу тармактарын онүктүрүү үчүн керектүү шарттар.
Олко озунун инвестициялык озуно тартуусун жоготууда, коптогон эл аралык индекстер боюнча анын томондошу белгиленген. Дүйнолүк экономикалык форумдун маалыматтары боюнча 2012-жылы Кыргызстан дүйнолүк соодага катышуу рейтингинде 110-111чи орунду ээлейт.
“Doing business 2012” рейтинги боюнча Кыргызстан 70и орунду ээлейт, бул жалпы дүйнолүк олкодо бизнес жүргүзүү рейтингинде начар позиция жонүндо күболондүрот.

Жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдары инвесторлорду тартпастан аларды качырып жатышат, ал эми кээде ачык эле опузалоону колдонушат.
Кыргыз Республикасында бизнес-чойрону онүктүрүү жана инвестициялык климатты жакшыртуу бири-бирин толуктоочу томонкү эки максатка жетүү багытында ишке ашышы керек:
- ата-мекендик жана чет олколүк инвесторлорду чарбалык ишин ишке ашырууда жана инвестициялык чечимдерди кабыл алууда дем берүүнүн жогорку денгээли менен камсыз кылуу;
- бизнес-чойрону тышкы инвестициялардын кобойүшү үчүн туруктуу атаандаштык артыкчылык факторуна айлантуу.
Окмот тарабынан томонкү чаралар корүлот:
- рейдерликке жана менчикке айландырууга каршы аракет кылууга багытталган ченемдик укуктук актылардын топтомун кабыл алуу, сот чечимдеринин тууралыгын камсыздоо боюнча чечимдерди кабыл алуу;
- бизнес жана экономика менен байланышкан эл аралык рейтингдерде позицияны сактоо жана жакшыртуу үчүн үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү, мониторинг жүргүзүүдо белгилүү болгон проблемалуу маселелерди четтетүү боюнча оперативдүү чечимдерди кабыл алуу;
- администрациялык жол-жоболорду электрондук документ жүгүртүүгө которуу;
- арыздарды кароону камсыз кылышпаган мамлекеттик органдардын кызматкерлерине жазаны катуулатуу;
- салык отчетун берүү тартибин жонокойлотүү жана тездигин азайтуу;
- коммерциялык талаш-тартыштарда бейтарап соттордун чечимин жана ролун күчөтүү үчүн Кыргыз республикасынын Граждандык кодексине жана башка мыйзам актыларына озгортүү киргизүү;
- курулушта, инфраструктуралык долбоорлордо, медицинада, билим берүүдо, туризимде

мамлекеттик-менчик оноктоштук институтун онүктүрүү;
- салык салууну жонокойлотүүнү жана салык жүгүн кыскартууну караган фискалдык реформанын концепциясын иштеп чыгуу;
- лицензиялардын жана уруксат берүүлөрдүн санын кыскартуу боюнча мыйзам долбоорлорду иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешке киргизүү;
- тизмеге адамдын жана курчап турган чөйрөнүн коопсуздугу үчүн потенциалдуу коркунучту болжолдогон аталыштарды гана киргизүү менен милдетүү түрдө сертификат берилүүгө тийиш продукциялардын тизмесин жана шайкештик декларациясын кыскартуу;
- отчеттуулукту жонокойлотүүнү жана ачык-айкындыкты жогорулатууну караган камсыздандыруу чегерүү системаларын реформалоо;
- алдынкы эл аралык стандарттарга жана коопсуздук эрежелерине ылайык жаны техникалык регламенттерди иштеп чыгуу жана кабыл алуу.

2.4. Жашоо үчүн татыктуу шарттарды түзүү

Акыркы үч жылда жакырчылык денгээли 2 пайызга оскон жана 33,7 пайызды түзгөн. Бүгүнкү күндө мамлекет бюджеттин чектелүү ресурстарын натыйжалуу эмес болуштүрүүдө, социалдык жардамдын даректүүлүгү толук камсыздалган эмес. Мамлекеттик колдоого муктаж жарандарды колдоо жетишсиз болууда. Мамлекет коргоого тийиш болгон жарандардын категориясын конкреттүү жана так аныктоо зарыл жана аларга жон гана жарыялап койбостон, чыныгы социалдык жардам жана коргоо көрсөтүү керек.
Өлкөдөгү адамдык потенциалды жакшыртуу, эки социалдык маанилүү секторду: саламаттык сактоону жана билим берүүнү жакшы иштетүү реформаны ийгиликтүү жүргүзүүнүн негизги шарты жана көрсөткүчү болуп калышы керек.
Саламаттык сактоо чөйрөсүндө бардык көрсөткүчтөр боюнча абалдын начарлашы байкалууда. Бир нече жыл бою балдардын өлүмү өсүүдө, онүккөн өлкөлөрдүн

корсоткүчторүн бир нече эсе жогорулатуучу энелердин олүмү жогорку денгээлде калууда.
Официалдуу эмес толомдордон жана жогорку денгээлдеги тен толомдон улам коптогон үй бүлолор үчүн саламаттык сактоо кызмат корсотүүлорүн алуу кыйынга турууда. Коом жарандарга медициналык-санитардык жардам алууда берилүүчү укуктар жонүндо, ооруларды алдын алуу жана ден соолукту коргоо маселелери тууралуу начар маалымдалган.
Билим берүү мамлекеттик бюджеттин чыгымдарын ото коп керектоочү болуп саналарына карабастан коом тарабынан коюлган зарыл талаптарга жана сурамдарга жооп бербейт. Балдардын базалык билимди алуусу уламдан-улам азайып жатат. Алсак, расмий маалыматтар боюнча билим берүү чойросүндо мектепке 2,9 пайыз бала жана 3,7 пайыз кыз келбейт. Мунун бирден бир себеби үй-бүлодогү балдардын билим алуусуна богот болуп жаткан жакырчылыктын күчөшү эсептелет.
Жогорку жана кесиптик билим берүү системасы эл аралык денгээлде атаандаштыкка ээ болууга жана жашоонун татыктуу денгээлин камсыз кылууга квалификациянын зарыл денгээлин алууга мүмкүндүк бербейт.
Калктын басымдуу болүгүн турак-жай менен камсыз кылуу проблемасы ото курч турат. Социалдык камсыздоо каржылоонун жетишсиздигинен жана аны даректүү болүштүрүүнүн начар натыйжалуулугунан жабыркап келет.
Экономикалык онүктүрүү биринчи кезекте бул проблемаларды чечүүгө багытталышы керек. Ар бир жаранга олконүн келечегинде татыктуу орун камсыз кылынышы керек.

2.4.1. Саламаттык сактоо

Медициналык кызмат корсотүүлордүн сапатын которүү үчүн Өкмөт томонкү чараларды корот:
- жашаган жерине карабастан акысыз медициналык жардамдын кепилдикке алынган коломүнүн чегинде медициналык кызмат корсотүүлордү жана дары-дармек

каражаттарын бирдей алууну камсыздоо;
- калктын жеке формалдуу эмес толомдорунун денгээлин томондотуу;
- клактын, балдардын жана энелердин олумун кыскартуу боюнча иш-чараларды ишке ашыруу;
- жарандарда сергек жашоого умтулууну калыптандыруу;
- жеке менчик жана мамлекеттик – жеке менчик медициналык борборлорду онүктуруу, медициналык кызмат корсотуу чойросундо атаандаштык чойрону туздуу;
- жарандарга менчиктин турунө карабастан ММКФны пайдалануу менен врачты жана медициналык уюмдарды эркин тандоо мумкүнчүлүкторун берүү;

2.4.2. Билим берүү

Социалдык адилеттүүлүк, мумкүнчүлүктордун бирдейлиги биздин жарандар үчүн билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү жана саптыты менен аныкталат.
Окмоттун алгылыктуу милдеттери томонкулорго багытталат:
Мектепке чейинки жана орто билим берүү;
- мектепке чейинки жана орто билим берүү, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде болгон кемчиликтерди жоюу;
– жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдарынын балдарды каттоого алуу жана аймактагы мектеп курагындагы бардык балдарды милдеттүү түрдо окутууну камсыз кылуу;
– билим берүүнүн сапатынын корсоткүчторун, ошондой эле мектептин бүтүрүүчүлорунун ден соолугунун жакшыртуу;
– мектептик билим берүүнүн инфраструктурасын эмес, ар бир окуучуну даярдоого кеткен чыгымдарды каржылоо;
– мурда башталган мектептердин курулушун аяктоо үчүн каражаттарды болүү;
– балдарды коншу мектептеге жеткирип-кайра алып келүүнүн маселелерин жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдарынын чечүүсүнүн зарылдыгы;

– аз комплектүү мектептердин имараттарын алардын базасында бала бакчаларын жана жаштардын сабаттуулугун которүү үчүн башка мекемелерди ачуу менен кайра профилдоо;
– борбордук органдардын жана жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдарынын билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктарды так чектоо үчүн мыйзамдарды оркүндотүү;
– билим берүү кызматтарын корсотүү чойросүндо кесипкой менеджерлерди даярдоо.
Баштапкы жана орто кесиптик билим берүү:
– жумуш берүүчүлордүн реалдуу муктаждыктарын эске алуу менен квалификациялык эмгектин жумушчуларын жана орто звенодогу адистерди даярдоо;
– кадрларды даярдоого жана окутууну каржылоого бизнестин катышуусун кенейтүү.
Жогорку кесиптик билим берүү:
– жумшалган каражаттарды мамлекетке кайтарып берүүгө чейинки катуу талаптарды бюджеттик каражаттардын эсебинен окугандар үчүн киргизүү;
– ЖОЖдордун санын кыскартуу;
– билим берүүчү, илимий жана практикалык ишти интеграциялоону камсыз кылуу.

2.4.3. Социалдык коргоо

Аз камсыз болгон калкты социалдык колдоо даректүү социалдык жардамга жана туруктуу, продуктивдүү ишке комок корсотүү жолу менен калктын кирешелеринин денгээлин которүүгө негизделет.
Ар бир пенсионер татыктуу жашоого тийиш. Бул үчүн Окмот пенсиянын олчомүн жашоо денгээлине чейин жеткирүү боюнча ишти улантат. Пенсиялык системаны оркүндотүү боюнча ишти жүргүзүү, пенсиялык камсыздоонун бирдиктүү концепциясын иштеп чыгуу

зарыл. Мындай иш пенсиялык системанын бардык денгээлдеринде адекваттуу жана социалдык адилеттүү олчомго отүүнү камсыз кылууга мүмкүндүк берет.
Окмоттун негизги артыкчылыктары болуп томонкулор эсептелет:
– социалдык кызмат корсотүүлордүн сапатынын жаны стандарттарын жана алардын наркын, озгочо ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана улгайган адамдар үчүн иштеп чыгуу;
– корсотулуп жаткан социалдык кызматтардын директүүлүгүнүн маселесин чечүү үчүн борбордук органдардын жана жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын жана жоопкерчилигин болуштүрүү;
– социалдык кызматкерлерди, биринчи кезекте эмгек акынын адекваттуу денгээли аркылуу дем берүү;
– пенсиялык саясаттын жана социалдык коргоо чойросүндогу саясаттын шайкештигин камсыз кылуу;
– ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын инфраструктура обекттерине, имараттарга кирүүсүн камсыз кылуу жана аларды иш менен камсыз кылууга комоктошүү маселеси боюнча нормативдик талаптарды аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликти күчотүү;
– мамлекеттик-жеке оноктоштүк социалдык чойродогу программаларды ишке ашыруунун маанилүү механизмдеринин бири болуп калууга тийиш;
– социалдык чойронүн мекемелеринин ишин баалоонун коз карандысыз системасын түзүү;
– бюджеттик чойронүн кызматкерлерине эмгек акыны алар корсоткон мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын сапатына жараша толоп берүү.